# Өзүн-өзү иш менен камсыз кылуу режими

## Өзүн-өзү иш менен камсыз кылуу режими деген эмне

Өзүн-өзү иш менен камсыз кылуу режими — бул өзгөчө салык режими Орусияда жеңилдетилген тартипте кесиптик ишмердикти баштоого мүмкүндүк берет.

## Эгер сиз төмөнкү өлкөлөрдөн болсоңуз, Өзүн-өзү иш менен камсыз кылуу режиминде иштей аласыз:

- Беларусь
- Армения
- Казакстан
- Кыргызстан
- Украина

## Өзүн-өзү иш менен камсыз кылуу режиминде салык өлчөмү

- жеке жактар менен иштөөдө — 4%
- юридикалык жактар менен иштөөдө — 6%

Өзүн-өзү иш менен камсыз кылуу режиминде 10 000 рубль өлчөмүндө салыктык эсептен чыгаруу иштейт. Эсептен чыгаруу автоматтык түрдө төлөнө турган салыктын суммасын азайтат.

## Өзүн-өзү иш менен камсыз кылуу режимин кантип иштетиш керек

Өзүн-өзү иш менен камсыз кылуу режимин «Мой налог» мобилдик колдонмосунда жол-жоболоштурса болот. Ошол эле колдонмодо сиз төлөнө турган салыктын суммасын көрүп турасыз.
Ошондой эле, өзүн-өзү иш менен камсыз кылуу режимин Федералык салык кызматынын бөлүмүндө жана ири банктардын мобилдик колдонмолору аркылуу жол-жоболоштура аласыз.

## Маанилүү

2 миллион 400 миң рубль — өзүн-өзү иш менен камсыз кылуу режиминдегилер үчүн киреше лимити. Кирешеңиз бул суммадан көбүрөөк болсо, бул статус автоматтык түрдө жокко чыгарылат. Өзүн-өзү иш менен камсыз кылуу режими жокко чыгарылгандан кийин сиз салык төлөөнүн башка системасына өтүшүңүз керек болот.

Өзүн-өзү иш менен камсыз кылган жумушчу Орусияда болуу мөөнөтүн жумуш/кызматтардын буйрутмачысы менен түзүлгөн келишимдин мөөнөтү иштеген убакытка узарта алат.

## Орусияда болуу мөөнөтүн кантип узартса болот

Төмөнкү документтердин көчүрмөлөрүн тиркеп, жергиликтүү ИИМ бөлүмүнө арыз бериңиз:

- паспорт
- миграциялык карта
- эмгек ишмердигин жүргүзүү үчүн келишим